**Күнү:**26.04.2022 **Класс:** 4-бк **Сабактын аты:** Адабий окуу

**Сабактын темасы:** Үчүнчү шар.

**Сабак өткөн мугалим:** Бакытбек кызы Айсезим

| **Негизги компетенттүүлүктөр:** | **Предметтик компетенттүүлүк:** |
|---|---|
| 1. Маалыматтык НК1<br>2. Социалдык- коммуникациялык НК2<br>3. Өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү НК3 | ПК-1.Тыбыш жана тамга менен иштей алуу<br>ПК-2.Окуй алуу<br>ПК-3.Сөз байлыгы менен иштей алуу<br>ПК-4.Сүйлөм, текст менен иштей алуу<br>ПК-5.Аң сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу. |

| **№** | **Сабактын максаты** | **Көрсөткүчтөр** |
|---|---|---|
| | **Билим берүүчүлүк** | |
| 1 | Үчүнчү шар тексти жөнүндө маалымат алышат.Текстин мазмунун окуп, талдап түшүнүшөт. | Эгерде окуучулар мугалимди кунт коюп угуп, чыгарманын мазмунун түшүнө алышса. |
| | **Өнүктүрүүчүлүк** | |
| 2 | Окуучулар үй тапшырманы тест аркылуу кайталоодо эске тутуу,билгендерин эске салуу жөндөмүн арттырат,топтук иште өз иш аракетин көрсөтүү аркылуу өз оюн эркин айтууга,туура ой жүгүртүүгө,топтук ишке салым кошууга аракеттенишет. | Эгерде окуучулар берилген тапшырманы так,туура аткаруу менен өз оюн кенен айтып, топтук иштин натыйжалуу болушуна салым кошо алышса. |
| | **Тарбия берүүчүлүк** | |
| 3 | Сабактын жүрүшүндө мугалимди кунт коюп угууга,алтын эрежени сактоого,бири-биринин оюн уга билүүгө,топтук иш аракет көрсөтүүдө өз оюн кенен тартынбай айтууга тарбияланышат. Эмгекчилдикке, жоопкерчиликтүүлүккө, ынтымактуулукка, бири-бирин угууга, сылык болууга үйрөнүшөт. | Эгерде окуучулар алтын эрежени туура сактап ,чыгарманын мазмунуна жараша эмгекчилдикке, бири-бирин уга билгенге, сыйлоого үйрөнүшсө,топто ынтымактуу иштей алышса. |

**Сабактын тиби**: жаңы билимди өздөштүрүү,бышыктоо,жыйынтыктоо

**Сабактын формасы:** аңгемелешүү, чакан топ менен иштөө, өз адынча иштөө, мээге чабуул.

**Сабактын ыкмасы**: интерактивдүү ыкма , көрсөтмөлүү, аңгемелешүү, түшүнүп, айтып берүү

**Сабак аралык байланыш:** кыргыз тили, сүрөт, адеп.

**Сабактын жабдылышы**: ТСО , түстүү сүрөттөр , таякчалар, ватман, маркер, окуу куралдары, окуу китеби

**Сабактын жүрүшү:**

**1.Уюштуруу**

Ар дайым ачык кабагым,

Дайым даяр сабагым.

Саламаттык каалаймын,

Саламатсыңарбы окуучуларым!

**Жагымдуу маанай тартуулоо**

**2.Үй тапшырмасын суроо**

Үй тапшырмасын тест аркылуу суроо

1.Улуу Ата Мекендик согушта баатырдык көрсөткөн генералды ата.

А) Дайыр Асанов

Б) Чыңгыз Айтматов

В) Дүйшөн Сулайманов

2. «Эрдик» деген ырдын автору ким?

А) Тоголок Молдо

Б) Кожомкул Каба уулу

В) Эсенгул Ибраев

3.Сүрөт тартууга шыктуу бала ким?

А) Исак

Б) Гапар

В) Алыкул

4. Кыргыздын балдарын ар кандай жамандыктардан сактаган эне.

А) Умай Эне

Б)  Эне

В) Бугу Эне

5.Телибайдын атасынын ысымы.

А) Мурат

Б) Дадаңбай

В) Байымбет

6.Жаанда талаада калган Муратты таап келген адамдын ысымы.

А) Сулайман

Б) Дүйшөн

В) Курман

**Мээге чабуул**

- Фантастика деген эмне?

**3.Жаңы теманы түшүндүрүү**

**А) Тема чечмелөө**

- 1-топ алдыңардагы “сөз оюнунда” берилген тапшырманы туура аткаргыла. Санга мүчө улап жаңы сөздү жазгыла.

2-топ ашыкча тамганы сызып, жаңы сөздү жазгыла. (Ар бир топто отурган окуучулар барактагы тапшырманы аткары, жаңы сөздү аныкташат).

-Балдар кана айткылачы кандай сөздөр чыкты? ( балдар кагаздагы жазган сөздөрдү окушат,сабактын темасы келип чыгат)

1-топ (Үчүнчү), 2-топ (шар)

-Демек биздин бүгүнкү сабагыбыздын темасы “Үчүнчү шар”

**Б)Сабактын максаты  менен тааныштыруу**

**В) Топко бөлүү**

Доскага чыккан окуучуларга мугалим чепчик кийгизет. Чепчикте ар бир топтун атына байланышкан сүрөттөр чапталган , сүрөттөр аркылуу өз тобун аныкташат. Окуучуулар топ-топ болуп оордуларына отурушат. Мугалим окуучулардын тобунун атын ар бир топтун партасына коет. Темага байланыштуу сабактын баалоосу “шар” менен бааланары айтылат.

-Балдар, асманда эмнелер бар?

-Жерде эмнелер бар?

Анда эмесе, бүгүнкү сабакта төмөндөгүдөй (асман жана жер ) 2 топко бөлүнөбүз.

**Г) Мээге чабуул**

- «Үчүнчү шар» чыгармасын элестетип көргүлөчү, бул чыгарма эмне жөнүндө жазылган деп ойлойсуңар?

**Д) Жаңы сөздөр менен таанышуу**

Водород

Жылчыксыз

Чиркештирип

**Мугалим интерактивдүү доскадан теманы түшүндүрүп берет.**
-Балдар, автор жөнүндө кыскача маалымат берип кетейин. (Кластер аркылуу автордун өмүр баяны айтылат).
- Аңгемеде бала үч жолу аба шарын жасап, асманга учургандыгы жөнүндө жазылат. Окуянын башталышы. **Асманга учурулган аба шары.**
Биринчи жолу водород газын бир шарга толтуруп, оозун буп, асманга кое берсе, шар асманга алыстап учуп кетти.

**Газга толтурулган аба шары жана ит.**

Экинчи аба шарын жасап, ага белгилүү оордукту көтөртүүнү ойлоп,өзүнүн багып жүргөн итине жакшылап үй салып, тамак, дем алууга керектүү абасын камдап,газга толгон шар менен асманды көздөй кое берет .

**Мээге чабуул**

- Окуя кандай уланышы мүмкүн?

- Силер баланын ордунда болгонуңарда эмне кылмак элеңер?

**Аба шары жана адам**

Үчүнчү шар жасап өзү учууну туура көрөт. Үй жасап, азык-түлүктөдү алып, аба боштугуна учат. Жерден кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейип, бир аздан соң караңгы түнгө кезигет. Кайда жылып бара жатканын сезе албайт. Себеби, анда шарды белгилүү жакка буруучу тетик жок эле. Запас алган аба менен дем алат. Эч жылчыксыз Караңгылыктын арасында калат. Жерден кабар алгысы келет да, кат жазып, нандын ичине салып ыргытып жиберет. Катка: « Мен 25-майда учтум эле. Ошондон бери канча сутка болгондугун да билбейм. Себеби, мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт» -деп жазып коет.

-Бала шарды өзү жасап, өзү учту деп ойлойсуңарбы? ( Жок, бул жөн гана кыял)

-Водород деген эмне? ( Абадан да жеңил болгон газ)

**4.Өтүлгөн сабакты бышыктоо**

**А) Текст менен таанышуу**

-Балдар темага түшүндүкпү? Анда эмесе келгиле китеп менен иштейли. Китептеги **“**Үчүнчү шар” аттуу текстти чынжырча түрүндө окугула. 1-топтон баштайбыз.
-Балдар түшүндүкпү ? Кана,анда эмесе айткылачы
-Бала экинчи шарды жасап, ага эмнени салды ?
-Үчүнчү шарда ким учту ?
-Бала катты кантип жиберди ?
- Анда эмесе иш дептериңердин 48-бетин ачкыла. Номур 3-тапшырманы карайбыз. Кантип аткарабыз ? Бир окуучуга шартын окутам. Кайсы топ биринчи бүттөт биргеликте аныктайбыз. Аткарып баштагыла.

**Эс алуу мүнөтү**

Келгиле анда, эс алуу мүнөтүндө ден соолугубузду чыңап, маанайыбызды көтөрүш үчүн бийлейли.
Окуучулар бий билешет.

**Б) Топтук иш**

-Балдар эми топто тапшырмаларды аткарабыз. Интерактивдүү доскадан ар бир топтун тапшырмасын көрсөтүп, түшүндүрүп берүү.
1-топ ( Асман) “4 сүрөт, 1 сөз” оюну.
2-топ ( Жер ) “ Окуянын айлампасына” сүрөттөрдүн негизинде ыраттуулукту сактап, катар ирети менен толтур.
Топторго белгилүү гана бир убакыт берилет. Андан кийин окуучулар өз иштерин жакташат.

**5. Сабакты жыйынтыктоо**

**А) Суроо-жооп аркылуу бышыктоо**

-“Үчүнчү шар” аңгеменин автору ким ?
-Баланын биринчи жасаган шары кантип учту ?

-Баланын шарды жасашына кандай ойлор түрткү берди ?
-Эмне үчүн “Үчүнчү шар” деп аталат ?
Окуучулар суроолорго жооп берүүнүн негизинде доскадан шардын сүрөтү келип чыгат.
-Балдар, демек ар бир адам кыялданат. Келгиле анда кыялдарыңарды алдыңардагы стикерлерге жазгыла. Чоогу биргеликте шардын ичине салып , учурабыз. (Кыялдар жазылган шарды терезеден учуруп жиберебиз).
-“Кыялдан, кыялдан, кыялдан. Кыялдар ойго айланат, ал эми ойлор иш-аракетке алып келет”-демекчи кыялдарыбыз орундала берсин.

**6.Баалоо**
Берилген шарлардын , жекече баалоонун негизинде электрондук күндөлүккө баа коюлат.

**7.Үйгө тапшырма берүү**
Кыялыңарды сүрөткө тартып, чакан аңгеме жазуу.